*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

***Экспресс-маалымат***
2018-жылдын 11-июлу

## Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын январь-июнундагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-июну 2017[1] январь-июнуна карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январ-июну 2016 январ-июнуна карата пайыз менен | Өсүшү (+), төмөндөөсү (-), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо) | 213640,3 | 100,1 | 105,6 | -5,5 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 192607,2 | 102,1 | 102,0 | +0,1 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 108652,8 | 94,0[2] | 131,9[2] | -37,9 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 69163,6 | 105,1[2] | 120,2[2] | -15,1 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 5686,4 | 76,7[2] | 177,7[2] | -101,0 |
| Иштетүү өндүрүшү | 82322,9 | 93,9[2] | 131,7[2] | -37,8 |
| Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 19675,8 | 103,0[2] | 112,2[2] | -9,2 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 967,7 | 110,7[2] | 103,7[2] | +7,0 |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 55655,8 | 101,6 | 101,3 | +0,3 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 45998,0 | 105,0 | 100,3 | +4,7 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 44119,3 | 106,3 | 92,6 | +13,7 |
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 186656,0 | 105,4 | 104,0 | +1,4 |
| анын ичинде автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 99780,4 | 103,5 | 104,5 | -1,0 |

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-июну 2017[1] январь-июнуна карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь-июну 2016 январ-июнуна карата пайыз менен | Өсүшү (+), төмөндөөсү (-), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 7913,8 | 106,6 | 106,9 | -0,3 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 14387,3 | 103,5 | 101,6 | +1,9 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 337,3 | 102,9 | 103,4 | -0,5 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 338,2 | 101,1 | 101,9 | -0,8 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 11257,7 | 92,6 | 75,4 | +17,2 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 102,3 | 102,7 | -0,4 |
| - 2017-ж. декабрына карата | 99,9 | | | |
| - 2017-ж. июнуна карата | 100,8 | | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 65,1 | 104,9 | 107,4 | -2,5 |
| Бир кызматкердин номиналдык орточо айлык эмгек акысы[3], сом | 15397 | 107,4 | 105,5 | +1,9 |
| Тышкы соода жүгүртүү[4] | 2716,3 | 120,9 | 112,1 | +8,8 |
| анын ичинде ЕАЭБга мүчө мамлекеттер | 903,8 | 106,5 | 102,7 | +3,8 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 681,0 | 105,5 | 123,6 | -18,1 |
| анын ичинде ЕАЭБга мүчө мамлекеттер | 257,6 | 121,2 | 112,0 | +9,2 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 2035,3 | 127,1 | 108,1 | +19,0 |
| анын ичинде ЕАЭБга мүчө мамлекеттер | 646,2 | 101,6 | 100,0 | +1,6 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] 2018-ж.январь-майы (чакан ишканаларды эсепке албаганда).
[4] 2018-ж. январь-майы (алдын-ала маалыматтар боюнча).

**Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын январь-июнундагы экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыктарына кыскача түшүндүрмөлөр**

**Ички дүң продукт.** Ү.ж. январь-июнунда ички дүң продукттун көлөмү өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча 213,6 млрд. сомду түзүп 0,1 пайызга көбөйдү.

«Кумтөр» кен казуу ишканаларысыз, ИДПнын көлөмү 192,6 млрд. сомду түзүп 2,1 пайызга өстү.

**Өнөр-жай.** Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмдөрүнүн төмөндөшү металл рудаларын казуу - 52,8 пайызга, транспорт каражаттарынын өндүрүшү - 24,8 пайызга, машина жана жабдуулар - 20,4 пайызга, негизги металлдардын - 14,4 пайызга кыскарышынын эсебинен шартталды.

Муну менен катар, текстиль өндүрүшүндө (1,7 эсеге), нефть продукттарынын өндүрүшүндө (27,3 пайызга), кийим өндүрүшүндө (24,8 пайызга), ошондой эле резина жана пластмасса буюмдарынын, башка металл эмес минералдык продукттарынын өндүрүшүндө (24,5 пайызга) көлөмдөрдүн өсүшү менен камсыздалды.

Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун көлөмү 2017-жылдын январь-июнундагы деңгээлинен 3,0 пайызга ашты, бул электроэнергиясын өндүрүүнүн өсүшүнүн жана бөлүштүрүүнүн эсебинен жүрдү.

**Айыл чарбасы.** 2018-жылдын январь-июнунда өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча айыл чарба продукциясынын чыккан дүң көлөмдөрүнүн өсүшү, негизинен, мал чарба продукциясын өндүрүүнүн көбөйүшү менен шартталды.

**Курулуш.** Өткөн жылдын январь-июнуна салыштыруу боюнча Негизги капиталга жумшалган инвестициянын көлөмдөрүнүн өсүшү, электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба, мейманканалар жана ресторандар, маалымат жана байланыш, ошондой эле искусство, эс алуу жана оюн-зоок тармактагы объекттерден башка, ишмердиктердин көп түрлөрүндө белгиленди.

Ички булактардын эсебинен каржылана турган инвестициялардын көлөмдөрү 11,0 пайызга өстү, ал эми тышкы булактардын эсебинен, тескерисинче, 11,6 пайызга төмөндөдү.

Ү.ж. I жарым жылдыгында негизги көлөм (инвестициялардын жалпы көлөмүнүн 82 пайызы) пайдалуу кендерди казуу, кайра иштетүү өндүрүшү, электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба, транспорттук ишмердик жана турак жай курулушу боюнча объекттердин курулушуна багытталды.

**Соода.** Өткөн жылдын январь-июнуна салыштыруу боюнча дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоолор боюнча жүгүртүүнүн көбөйүшү, негизинен, дүң сооданын (9,6 пайызга), мотор күйүүчү майынын (4,3 пайызга) жана чекене соода (3,5 пайызга) көлөмдөрүнүн өсүшү менен камсыз болду.

Мейманкалар жана ресторандар тарабынан көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмдөрүнүн өсүшү республиканын бардык аймактарында камсыздалды.

**Эмгек акы.** 2018-жылдын январь-майында эсептелген эмгек акынын орточо айлык өсүү темпинин жогорулоосу, мейманкалар жана ресторандар ишмердиктеринин тармагындагы ишканалардан жана уюмдардан башка, экономикалык ишмердиктин бардык түрлөрүндөгү ишканаларда жана уюмдарда байкалды.

Эмгек акынын орточо айлык өсүү темпинин эң орчундуу жогорулоосу - курулушта (18,0 пайызга), башка тейлөө ишмердиктеринде (21,6 пайызга), маалымат жана байланыш (17,1 пайызга), мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздоодо (13,0 пайызга), пайдалуу кендерди казууда (12,1 пайызга) байкалды.

**Баалар.**

Ү.ж. январь-июнунда (өткөн жылдын декабрына салыштыруу боюнча) бүтүндөй республика боюнча керектөө бааларынын бир аз (0,1 пайызга) төмөндөөсү байкалды, ал эми 2017-жылдын I жарым жылдыгында алардын өсүшү 2,8 пайызды түзгөн.

Ү.ж. башынан тартып тамак-аш продукттарына жана алкоголсуз суусундуктарга (2,3 пайызга) жана азык-түлүк эмес товарларга (0,6 пайызга) керектөө бааларынын төмөндөөсү белгиленди. Муну менен бирге, ү.ж. I жарым жылдыгында баалар жана тарифтер тамекиге – 15,4 пайызга, кызмат көрсөтүүлөргө - 3,5 пайызга жана алкоголдук ичимдиктерге – 2,7 пайызга өстү. Ү.ж. I жарым жылдыгында сүткө жана сүт азыктарына (5,9 пайызга), картошкага (8,2 пайызга), жумурткага (9,0 пайызга), гречка акшагына (17,5 пайызга), жаңы жашылчаларга (21,3 пайызга) баалардын төмөндөөсү менен катар баалардын алмаларга - 23,2 пайызга, тоок буттарына – 4,8 пайыз, кумшекер – 3,8 пайыз, койдун эти – 3,6 пайыз жана күрүч – 2.2. пайызга орчундуу жогорулоосу белгиленди.

Ү.ж. I жарым жылдыгында керектөө бааларынын жана тарифтердин орчундуу (3,1 пайызга) өсүшү Нарын облусунда катталды, бул негизинен, тамак-аш продукттарына жана алкоголсуз суусундуктарга (1,9 пайызга) баалардын орчундуу өсүшү менен шартталды. Ушул эле учурда, ү.ж. январь-июнунда Баткен (3,6 пайыз) жана Жалал-Абад (0,1 пайыз) облустарында, Бишкек (0,3 пайыз) жана Ош (0,6 пайыз) шаарларында керектөө бааларынын төмөндөөсү байкалды.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** 2018-жылдын январь-майында 2017-жылдын январь-майына салыштыруу боюнча экспроттук жөнөтүүлөрдүн 5,5 пайызга көбөйүшү, текстиль жана трикотаж кийимдеринин - 2 эсеге, пахта буласынын – 2 эсеге, сыныктардын жана жездин калдыктарынын 1,9 эсеге жана кургатылган буурчак жашылчаларынын – 28,4 пайызга жөнөтүүлөрдүн жогорулоосу менен шартталды. Муну менен катар, монетардык эмес алтындын - 17,3 пайызга, рудалар жана кымбат баалуу металлдардын концентраттарынын - 13,2 пайызга, тамекинин – 31,7 пайызга көлөмдөрү азайды.

Импорттук келип түшүүлөрдүн көлөмдөрүнүн жогорулоосу, нефть продукттарынын - 8,4 пайызга, бут кийимдин - 1,7 эсеге, жемиштердин - 2,9 эсеге, металл конструкцияларынын - 69,6 пайызга, ошондой эле дөңгөлөктөрдүн - 26,6 пайызга кирүүсүнүн көбөйүшү менен камсыздалды.

Ушул эле учурда, ү.ж. январь-майында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча кийимдин жана ага карата жабдыктардын импорттук келип түшүүлөрүнүн үлүшү көбөйдү, тиешелүүлүгүнө жараша, 5,7 пайыздан 10,0 пайызга чейин, бут кийим – 7,6 пайыздан 9,3 пайызга чейин, синтетикалык кездемелер – 0,9 пайыздан 1,6 пайызга чейин көбөйдү. Ошол эле убакта, киргизилген фармацевтикалык продукциянын үлүшүнүн 4,2 пайыздан 2,8 пайызга чейин, канттын – 0,7 пайыздан 0,4 пайызга чейин төмөндөөсү белгиленди.

*ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен республиканын өз ара соодасынын көлөмү* 903,8 млн. АКШ долларын түздү жана 2017-жылдын январь-майына салыштыруу

боюнча 6,5 пайызды түздү. Ушул эле учурда, товарлардын импорту - 1,6 пайызга, экспорттук жөнөтүүлөр -21,2 пайызга жогорулады.

ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен республиканын өз ара соодасынын эң чоң үлүшү Россияга (65,2 пайызы) жана Казакстанга (33,2 пайызы) туура келди.

Товарларды Россиядан импорттоодо жер семирткичтердин - 7,6 эсеге, алюминийден металл конструкцияларынын - 3,9 эсеге, жылмаланган болоттон жасалган зымдардын - 2,2 эсеге, отундун таарындысынан жасалган плиталардын - 2,6 эсеге, нефтинин коксунун жана битумунун - 2,9 эсеге, нефть продукттарынын - 8,9 пайызга, сууларды, анын ичинде, минералдык жана газдалган сууларды - 69,9 пайызга, ошондой эле линолеумду - 44,5 пайызга киргизүү көбөйдү. Ошол эле учурда самын-жуучу продукциянын — 26,9 пайызга жана күрүчтүн — 33,5 пайызга төмөндөөсү белгиленди.

Товарларды Россияга экспорттоодо трикотаж блузкаларын — 25,8 эсеге, пахта буласын — 6,3 эсеге, эркек трикотаж көйнөктөрүн — 2,2 эсеге, кургатылган жемиштерди — 48,0 пайызга чыгаруу жогорулады. Ошол эле учурда, калдыктарды жана кымбат баалуу металлдардын сыныктарынын — 48,5 пайызга, жылмаланган айнектин — 34,8 пайызга чыгуусу азайды.

Товарларды Казакстандан импорттоодо тамекини -2,1 эсеге, цементти — 2,0 эсеге, жылмаланган болоттун жалпак прокатын — 54,4 пайызга, күн карама майынын - 48,0 пайызга, ошондой эле буудай унунун — 6,5 пайызга киргизүү көлөмдөрү көбөйдү.

Товарларды Казакстанга экспорттоодо нан жана ундан жасалган кондитердик азыктарды - 63,8 пайызга, пластмассадан жасалган тараны — 44,5 пайызга, ошондой эле эркек трикотаж көйнөктөрүн — 21,3 пайызга чыгаруу көбөйдү.

## Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

### Ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### Өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### Айыл чарбасынын дүң продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### Негизги капиталга инвестиция
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Номиналдык айлык орточо эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБга мүчө-мамлекеттерден болгон импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБга мүчө-мамлекеттер менен болгон экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төрага** **А.Ш. Султанов**